УДК 398(575.2)

# ЭЛДИК СЮЖЕТТЕН ПРОФЕССИОНАЛДУУЛУККА КАРАЙ (“ЖАҢЫЛ МЫРЗА ” ЭПОСУНУН МИСАЛЫНДА)

А.Ж.БАРИЕВА
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

*Бул макалада “Жаңыл Мырза” эпосунун бүгүнкү күндөгү мааниси жана кыргыз адабиятында ээлеген орду каралат.*

*В статье рассматриваются роль эпоса “Джаныл Мырза” в кыргызской литературе и значение эпоса в современном этапе.*

*This article examines the role of the epos “Janyl Myrza” in the Kyrgyz literature and the value of epos in the present stage.*

Кыргыз совет адабиятынын жаралышы оозеки поэзиянын үлгүлөрүнө, элдик эстетиканын негиздерине барып такалат. Чындыгында мурда жазмасы өнүкпөй калган улуттук көркөм өнүгүш фольклордон чыгып, реалисттик адабияттын мурда тааныш эмес дүйнөсүнө келип кошулушу, тагыраак айтканда байыркы эпостон түз эле реалисттик романга өтүшү татаал да, бир жагынан кызыктуу да болгон. Албетте бул жаңылык боюнча бир топ адабиятчы-окумуштуулар изилдеп, бир топ урунттуу эмгектерди жаратууга жетишкен. Чындыгында фольклор менен жазма адабияттын ортосундагы байланышты иликтеп, калыптаныш өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө аракет жасалаган. Айрыкча К.Асаналиев, К.Артыкбаев, М.Борбугулов,С.Жигитов, А.Садыков ж.б. адабиятчылар олуттуу эмгектенишип, адабияттагы фольклоризм маселеси бүгүнкү күндө да кызыгууну жаратып изилдөөнү талап кылып турганы айкын. Ал эми биз иликтей турган маселе “Жаңыл мырза” эпосунун кыргыз профессионал адабиятында кайрадан жаңырышы тууралуу каралмакчы.

Ар бир кыргыз жазуучулары чыгарма жазаарда кандай мазмунда болсо да фольклордук эстетикага кайрылбай койбойт. Себеби чыгарма жазуудан мурда буга чейинки чыгармалар фольклордук булактардын негизинде өнүгүп келди. Буга мисал, К.Маликов, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбековдун “Айчүрөк” драмасынан тартып, Т.Үмөталиевдин “Күч бирдикте”, Ж. Бөкөнбаевдин “Чептен эрдин күчү бек”, К.Баялиновдун “Чабалекей менен жылан”, А.Токомбаевдин “Күүнүн сыры”, Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба” ж.б. чыгармалары, ал гана эмес Ж.Садыковдун “Манас” үч илтигине чейин элдик сюжеттерди, мотивдерди пайдалануу натыйжасында гана кыргыз совет адабиятында омоктуу чыгармачылык ийгиликтер жаралганы талашсыз. Демек болуп өткөн тарых гана келечекке жол ачаары дагы бир жолу далилденип турат.

Бүгүнкү күндө ар бир эпостун бир нече варианты бардыгы бардыгыбызга маалым болгондой эле “Жаңыл мырза” эпосу да бир нече вариантка ээ. Себеби эпоско кайрылган жазуучулардын алдындагы негизги милдет-элдик оозеки чыгармачылыктын эстетикасында жаралган оозеки чыгарманы реалисттик адабияттын салттарына трансплантациялоо (көчүрүп келүү) болгон. Тагыраак айтканда, реалисттик адабияттын көркөм-эстетикалык мыйзамына ылайык кайрадан иштеп чыгуу экенин аныктайт.

“Жаңыл Мырза”-элдик поэмалардын ичинен баатырдык мүнөздөгү чыгарма. Башкы каарман эл бийлеген Жаңыл аттуу баатыр кыз болгондуктан анын ысмына “мырза” деген эпитет кошулган. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында аялдардын образдарына көп эле орун берилгенине карабастан Жаңыл сыяктанып өзүнчө көп варианттуу поэманын баш каарманына чейин көтөрүлгөндөрү сейрек.

Алгач "Жаңыл Мырза" эпосуна кайрылуу биринчилерден болуп К.Тыныстановдун эмгегине таандык болсо, кийин С.Эралиев, Т.Адышева мезгилдин талабына ылайык ар түрдүү маанайдагы чыгармаларын жаратышкан.

"Жаңыл мырза" эпосу кыргыз элинин кенже эпосторунан өзгөчөлөнүп, аялзатынын эрдигине толук арналган чыгарма. Бул эпос боюнча Т.Молдонун, А.Чоробаевдин, Ы.Абдырахмановдун, М.Мусулманкуловдун версиялары боюнча жарык көргөн төрт варианты бар. Бардык варианттарда Жаңыл Мырзанын баатырдыгы, жаа тартуу жагынан алдына эч кимди чыгарбаган мергендиги, элдин намысы үчүн аянбаган эрдиги, өтө эле намыскөйлүгү баатыр кызды ого бетер көркүнө чыгарып турат. Демек кыргыздын аялзатында да эрдик иштерге маани берип, керектүү жерде намыска жарап берери даңазаланып келет. Айрыкча эл-жерин тышкы баскынчылардан коргоо тематикасы кийинки муундарды мекенчилдик сезимге чакыраары анык.

Тоголок Молдонун вариантында Жаңыл Мырзанын теги жөнүндө сөз козголгондо анын карапайым элдин өкүлү экендиги айтылат. "Ата журту Нойгут дейт, атасынын өз аты Нойгуттан чыккан Койгут дейт" деп айтылат. (Тоголок Молдо, 1970, 207-247-бб). Бардык варианттарда Түлкү баатырдын Жаңыл Мырзаны багынтып, баш ийдирип, анан алгысы келгени баяндалат. Тактап айтканда, аязатынан өйдө тураарын далилдегиси келгени эпостун сюжетинен көрүнүп турат. Албетте, бул окуянын аягы трагедиялуу аяктап, эки жаш бири-бирине жетпей калганы өтө аянычтуу берилген.

Ыбырайым Абдырахманов да эл арасындагы Жаңыл жөнүндөгү аңыз кептерди чогултуп, Тоголок Молдо, Багыш Сазанов өңдүү карыялардан сурамжылап ырга айланткан. Тактап айтканда "Жаңыл Мырза"кыялдан бүткөн жомоктук каарман эле эмес, белгилүү тарыхый доордо жашап өткөн реалдуу адам экендигине ишенген. Мына ошол максатта 2651 саптан турган поэмасы 1967-жылы жарык көргөн. Демек, негизги сюжеттик каркас традициялуу окуялардан турса да ар бир вариантта жекече өзгөчөлүк байкалбай койбойт. Акын Тоголок Молдонун "Жаңыл мырзасы" баатыр кыздын туткундан бошоп чыкканы менен аяктаса, Ы.Абдырахманов ошол эле сюжетти андан ары өөрчүтөт. А.Чоробаевдин вариантында болсо Жаңылдын туткундан бошогондон кийинки калмактар менен болгон согушу, Шырдакбекке байланышкан бир топ окуялар кеңири сүрөттөлөт.

К.Тыныстановдун поэмасында болсо башкы каармандын окуясы элдик варианттагы окуяны баяндаганы менен чыгарманын аягында башка жыйынтык чыгарылат. Тактап айтканда, Жаңыл Мырза Түлкү баатырга болгон махабатынын азабын тирүүлөй тарткандан көрө өзүн-өзү өлүмгө кыйгандыгы менен аяктайт. Ал эми Ы.Абдырахмановдо Жаңылдын туткундан кийинки өмүрү акыр аягына чейин баяндалат. Баарынан кызыгы элдик идеологияга сугарылган бул эпоско эски турмушту идеализациялаган деген саясий айып тагылгандыгы. Бирок бул тоскоолдуктарга карабастан, кийинки кыргыз акындары тарабынан улантылып, тереңдетилип иштелип келди. Буга Кыргыз Эл акындары С.Эралиевдин "Жаңыл Мырзанын керээзи", Т.Адышеванын "Жаңылдын элеси" поэмаларын айтсак болот. Адабиятчы Р.З.Кыдырбаева белгилегендей, "Жаңыл Мырза" эпосу кыргыз элинин калмак баскынчыларына чейинки жана калмактардын кыргыздардын жерин баскандыгы мезгилин чагылдырышы бекеринен эместиги түшүнүктүү"-деген аныктамасын берген.(Кыдырбаева Р.З., 1960, 48б.)

Эпос боюнча изилдөөлөрдөгү өзгөчөлүктөргө токтоло кетсек, элдик чыгармаларда образдын баатырдык белгилерине басым жасалса, профессионалдык адабиятта ар тараптуу каралгандыгы байкалат. Маселен, XX кылымдагы кыргыз коомундагы социалдык-маданий, экономикалык өзгөрүүлөргө байланыштуу аялдар эмансипациясы деген проблема байкалат. Негизинен эпос катары элге белгилүү болгон варианттарда Жаңыл Мырзанын образына карата мамиле жалпысынан анын позитивдүү сапаттарына басым жасалган. Ал эми аялзаты катары келбетин сүрөттөөдө А.Чоробаев көркөм каражаттарды ашыкча колдонгондугу байкалат. Тоголок Молдо болсо башка

айтуучулардан айырмаланып анча кеңири сүрөттөгөн эмес. Ал эми К.Тыныстановдо баатыр кыздын сырткы келбетине көп басым жасабай, көңүл чордонун башкы каармандын ички дүйнөсүнө бурат. Эпос катары элге белгилүү болгон варианттарда Жаңыл Мырзанын образына карата мамиледе негизинен анын позитивдүү сапаттарына басым жасоо орун алган.

Демек, “Жаңыл Мырза” кенже эпосунун башкы каарманынын образын ар кандай берсе да профессионалдык адабиятта ар бири өз чындыгын берүүгө аракет кылышкандыгы көрүнөт. Буга көбүнчө К.Тыныстановдун чыгармасы реалдуу берилген деп белгилесек туура болчудай.

Бүгүнкү күнгө кайрылсак, акын Э.Эрматовдун “Жаңыл Мырза” драма-поэмасы көрүнүктүү орун ээлейт. Себеби, мында эпоско жаңыча мамиле жасоого аракет кылганы байкалат. Драма кылып жазса да лиро-эпикалык жанрдын элементтерин колдонгондугу ачык байкалып турат. Бул акындын калеми кадимкидей өзгөчөлөнүп тургандай пикир калтырат. Себеби, Жаңылдын кыргыз урууларынын башын бириктирүү максатында курултай өткөрөм деп жер-жерлерге кабар бериши суверендүү болууга далалат кылгандай көрүнөт. Бул жерден анын бүтүндөй кыргыз урууларына кадыры арткан жан экендигинен кабар берет жана сырткы келбетин сүрөттөөгө да кыйла басым жасалат. Эгемендүүлүк келди деген учурда жазылган Э.Эрматовдун “Жаңыл Мырза” чыгармасы эгемендүүлүк маселесин чагылдырып, Туяк акынга да маани берилет. Мында башка варианттардагы сюжеттерден бир топ айырмалуу башталган менен кульминациялык чечилиши мурдагылардан өзгөчөлөнбөйт.

Жыйынтыгында, бардык вариантты карап келгенде деле драма жанрында К.Маликов менен А.Куттыбаевдин “Жаңыл” драмасынан ашып түшкөнү байкалбайт.

Демек оозеки варианттарга салыштырмалуу кыргыз профессионал адабиятында эрдик иштерге басым койбой көбүнчө каармандын ички дүйнөсүнө көңүл бурулуп, ишке ашпай калган махабат муңу жана жалгыздык менен өткөн кайгылуу тагдыр менен аяктайт. Эң негизгиси, уруу башчыларынын Жаңылга жасаган мамилесинен кыргыз аялдарынын коомдогу жана үй-бүлөдөгү теңсиздикте, көз каранды, басынган абалда жашагандыгы сезилип, ага карата Жаңылдын тынымсыз каршылык көрсөткөнү аркылуу патриархалдык феодалдык түзүлүштүн терс жактары ачылат.Түлкү Мырза Жаңылдын кабарын алыстан угуп, чындап жактырып калса да,аны тарбиялап өстүргөн коомдун моралына ылайык кызды үстүртөн кемсинтип карайт. Ал канчалык акылдуу, жүрөктүү ж.б. деп саналса да урууучул коомдогу куру намыстын гана курманы болуп кала берет.

Ал эми “Жаңыл Мырза” качан болбосун эрдиктин, чечкиндүүлүктүн чыныгы үлгүсү катары жашоосун токтотпойт.Чыгармада өз башынын кызыкчылыгынан эл намысын ардак туткан Жаңылдын аракети чыныгы патриоттуулуктун таза үлгүсү катарында, эли-жерине арналган тунук мамилеси менен өз теңдиги үчүн жүргүзгөн ар-намыстуу күрөшү айкалышат.

Элдик прогрессивдүү чыгармадагы маанилүү нерсе анын идеялык мазмуну эле эмес, аны ишке ашырып турган оң жана терс каармандардын ар кимисинин өзүнө таандык так белгилери болуш керек. Жаңыл Мырза сыяктуу эле бардык вариантта традициялуу катышкан каармандар-Түлкү, Үчүке, Калматай, Үлбүрчөк, Бургуй болуп эсептелет. Булар да патриархалдык-феодалдык уруу коомунун мүчөлөрү болгондуктан ар кимисине өз атагын, абийирин сактоо кызыкчылыгы күчтүү, Жаңылга каршы позицияда турушкандыгы үчүн терс каармандар аталышат.

Ошондой эле К.Тыныстановдун вариантын кылдат карап көрсөк, илимий жактан алып караганда бир топ эле жогорку деңгээлде жазылганы байкалат. Ошол убактагы, тактап айтканда, жыйырманчы жылдардын көз карашынан такыр башка нукка түшүп, окуяны башкача кураган. Себеби, ал мезгилдин талабына ылайык башка акындар жаңы заманды даңазалап, Ленин, партияны ырга кошуп жатканда, Тыныстанов кыргыз элинин да өткөн доордо да жакшы жашоосунун болгондугун, кадимки жакшы турмушта жашагандыгын бул поэмасында ачык айткан. Албетте, бул атайы совет турмушун жокко

чыгаруу эмес, өзүнөн-өзү табигый түрдө келип чыккан чыгарма болгонун эми түшүнүп жатканыбыз –анын таянган эстетикалык фактору элдик поэзия, элдик мотив, элдик сюжет болгондугу аныкталды.

Демек, “Жаңыл Мырза” кенже эпосу боюнча иликтөөлөр төмөнкүдөй жыйынтыктарды берет:

1. “Жаңыл Мырза” эпосунун оозеки жаралган варианттары менен жазма адабий варианттар жалпылыкка жана айырмачылыкка ээ экендиги.

2. Поэмаларда салттуу окуялар, мотивдер жазуучуларда сакталганы жана кээ бир чыгармаларда алымча-кошумчалар менен берилгендиги.

**Адабияттар:**

1. Кыдырбаева Р.З. Народно-поэтические традиции в эпосе “Жаныл Мырза”. – Фрунзе: Изд-во АН Кирг.ССР, 1960.
2. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. –Фрунзе: Илим, 1973.
3. Жаңыл Мырза./Эл адабияты сериясы. 6-том. – Б.: Шам, 1998. – 452 б.
4. Жаңыл Мырза (айткан Ы.Абдырахманов). – Фрунзе: Кыргмамбас, 1967.
5. Жаңыл Мырза (айткан А.Чоробаев). – Фрунзе: Кыргмамбас, 1957.